DOI:10.26104/IVK.2019.45.557





*Абдиева А.М., Узакбай уулу К.*

# КАНЫБЕК ИСАКОВ – МЫКТЫ ИЛИМПОЗ, КЕМЕНГЕР ЖЕТЕКЧИ, УЛУУ УСТАТ ЖАНА РЕФОРМАТОР

*Абдиева А.М., Узакбай уулу К.*

# КАНЫБЕК ИСАКОВ - ЛУЧШИЙ УЧЕНЫЙ, МУДРЫЙ ЛИДЕР, ВЕЛИКИЙ НАСТАВНИК И РЕФОРМАТОР

*A. Abdieva, Uzakbay uulu K.*

# KANYBEK ISAKOV - THE BEST SCIENTIST, WISE LEADER, GREAT TEACHER AND REFORMER

*УДК: 94*

*Бул илимий макалада филология илимдеринин доктору, профессор Каныбек Исаковдун эмгек ишмердүүлүгү, педагогикалык изденүүлөрү, уюштуруучулук сапаты, жетекчилик касиети жана жашоодо адам катары тутунган принциптери жөнүндө берилет. Ошондой эле, авторлор Каныбек Исаковдун замандаштары, университетте чогуу окуган группалаш, курсташтары, окуу жайда билим берген устат-кесиптештери, айылдык мектепте чогуу окуган классташтары, мектеп партасында окуткан агай-эжейлери жана анын өзүнүн тарбиялап өстүргөн ондогон шакирттери, кызы Агайдын аларга тийгизген таасирлери жөнүндө, анын ар бир мезгилде кармаган философиясы тууралуу ой-пикирлери боюнча маалыматтарды таамай чагылдырышат. Аны менен катар К. Исаковдун ОшМУнун материалдык-техникалык базасынын чыңдалуусунда, заманбап жаңы окуу корпустарынын, жатаканалардын, китепканалардын, спорттук аянттардын, ден соолукту чыңдоочу жайлардын курулуусунда, спорттук комплекстердин жана башка бир топ курулуштардын ишке ашуусундагы эмгеги зор экендигин белгилешет.*

***Негизги сөздөр**: мыкты илимпоз, кеменгер-реформатор, жетекчи, улуу устат, мамлекеттик университет, эскерүү.*

*В данной научной статье рассказывается о деятельности доктора филологических наук, профессора Каныбека Исакова, его педагогических знаниях, организаторских и лидерских качествах, принципах жизни как личности. Авторы отражают информацию о впечатлениях современников, одногруппников, школьных учителях, одноклассников в сельских школах, десятках воспитанных учеников и дочери Каныбека Исакова об его взглядах на придерживаемую философию в каждый период. А также рассказывается вклад К. Исакова в укрепление материально-технической базы ОшГУ, строительство новых современных учебных корпусов, общежитий, библиотек, спортивных площадок, оздоровительных учреждений, спортивных комплексов и ряда других объектов.*

***Ключевые слова:** лучший, ученный, гений-реформатор, руководитель, государственный университет, воспоминание.*

*This scientific article tells about the activities of doctor of philology, professor Kanybek Isakov, his pedagogical knowledge, organizational, leadership qualities and principles of life as a person. The authors reflect information about the impressions of contemporaries, classmates, school teachers, classmates in rural schools, teachers at a desk and dozens of educated students and daughter of Kanybek Isakov about his views on the philosophy adhered to in each period. It also describes the contribution of K. Isakov to strengthening the material and technical base of Osh State University, the construction of new modern educational buildings, dormitories, libraries, sports grounds, health institutions, sports complexes and a number of other facilities.*

***Key words:** best, scientist, genius, reformer, leader, state university, memory.*

Илимпоз-адабиятчы, кара сөз чебери, филология илимдеринин доктору, профессор (2011), чебер педагог, көсөм жетекчи Каныбек Исаков 1969-жылдын 4-июнунда Ош облусунун Ноокат районундагы Кызыл-Тейит айылында туулган.

Ал эмгек ишмердүүлүгүн Бел-Өрүк колхозунда жумушчу болуудан баштап, министр болууга чейин жетишкен. Агайдын өмүр таржымалына саресеп салсак,

- 1987-1993-жж. - Ош мамлекеттик университетинин «Кыргыз тили жана адабияты» адистигинин студенти жана артыкчылык дипломунун ээси;
- 1993 - 2006-жж. аралыгында ОшМунун окутуучусу, улук окутуучусу (1999-ж.), доценти (2002-ж.), «Нур» гезитинин башкы редактору, декандын орун басары, ОшМУнун тарбия иштери боюнча ректордун жардамчысы, ОшМУнун коомдук жана тарбия иштери боюнча проректору, ОшМУнун мамлекеттик тил боюнча проректору;
- 2006 - 2011-жж. Ош гуманитардык педагогикалык институтунун; 2011-2019-жж. Ош мамлекеттик университетинин ректору;

2019-жылдын 11-сентябрынан 2020-жылдын 14-октябрына чейин Кыргызстандын Билим берүү жана илим министри кызматын аркалаган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Агайдын басып өткөн жолу, кийинки муундарга, келечек жаштарга өрнөк! Каныбек Исаковдой улуу инсандардан үлгү алуу – чоң сыймык. Ошол себептен агайдын ишмердүүлүгүн изилдөө максатын аркалоо менен бул изилдөөбүздө агайдын ишмердүүлүгүндөгү артыкчылыктардын 4 баскычын белгилеп кетмекчибиз:

1ден, Каныбек Исаков – мыкты илимпоз!

2ден, Каныбек Исаков – кеменгер-реформатор жетекчи!

3дөн, Каныбек Исаков – улуу устат!

4дөн, Каныбек Исаков – адамдык касиет-сапаты бийик инсан!

1. Каныбек Исаковдун мыкты илимпоздугунун далили, агай, 2001-жж. кандидаттык диссертациясын (1), 2011-жж. докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп (2), он жыл ичинде эки илимий наамга ээ болот. Ал бир канча илимий монографиялардын, окуу-усулдук колдонмолордун, 150 дөн ашуун илимий-усулдук, публицистикалык макалалардын, ырлар жыйнактарынын автору (5). Агайдын мыкты адабиятчы, сөз өнөрүнүн устасы экендигин анын ырларынын негизинде обондор жаралып, эл арасында сүйүмөнчүлүккө ээ болгондугунан көрөбүз. Каныбек Исаков ОшМУнун өздүк сайтындагы ректордун рубрикасында ар кандай байлыктан руханий байлык улуу турарын жана жан дүйнө боштугун акча менен толтуруу мүмкүн эместигин, аны жакшы ыр, жалындуу сөз менен гана толтурууга болоорун жазат. Мындан Каныбек Исаковдун көркөм сөз өнөрүнүн чебери жана кесипкөйү экендигин көрүүгө болот.

2. Каныбек Исаков кеменгер – реформатор жетекчилигин тастыктаган төмөнкү далилдерди келтирмекчибиз.

Филология илимдеринин доктору, профессор Капар Зупукаров Каныбек Исаковдун уюштуруучулугун бейнелөөдө бул аргументтерди айтат: К.Исаковдун - мыкты менеджерлиги буйура, башкара, жетектей алгандыгынан; ректор-новаторлугу жетектөөдөгү жанычылдыгынан, жаңыны тез түшүнгөндүгүнөн, кабыл алуусундагы ыкчамдыгынан; жетекчи-интегратор экендиги Кыргызстандын билим берүү системасында алгачкылардан болуп мобилдүүлүктүн, интеграциялоонун демилгечиси жана ишке ашыруучусу болгондугун; ректор – куруучулугун ОшМУ үчүн көп сандаган окуу имараттары: окуу корпустары, клиникалары, студенттик жатаканалар, студенттик профилактория, студенттик ФАП, окутуучулар үчүн мейманкана тибиндеги үйлөрдү куруп, бир сөз менен айтканда, ОшМУнун шаарчасын кургандыгын; Каныбек Исаковдун сарамжалдуу экономист экендигин окуу жайдын казынасындагы, материалдык базасындагы жана кызматкерлердин эмгек акысындагы кескин жана ыраттуу өсүштөрдүн болгондугун баса белгилеп көрсөтөт [1, 59-60-бб.].

Ф.и.к., доцент Калмамат Абдиев Каныбек Исаковду ректор-реформатор деп белгилеп, Каныбек Исаковдун демилгеси менен ОшМУдагы студенттер үчүн Студенттер сенаты, жаштар комитети, студенттик «Нур» гезити, «Үмүт» телестудиясы, «Жаш окумуштуу жана Студент» форуму, ОшМУнун «Азия-Ош» элдик театры, «Заман», «Аян» эстрадалык группалары, «КВН» түштүк ассоциясы негизделип ишке киргизилгендигин айтат [1, 39-40-бб.].

Каныбек агайдын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри кызматын аркалоо мезгилиндеги эмгегинин баалуулугу – өзгөчө. Анткени, агайыбыз, министр болуп, болгону, бир жыл иштесе да, мамлекетибизде таажы ооруусунун эң оор мезгилинде онлайн форматында окутууну колго алып, кырдаалды жөнгөрүп, өнүккөн мамлекеттердин деңгээлинде билим берүүнүн онлайндык системасынын ишке ашыруучусу катары өзүн көрсөтө алды. Алсак, Агайдын учурунда

- Министрлик тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүн өнүктүрүүнүн 2020-2040-жылга чейинки Өнүгүү Стратегиясы иштелип чыккан;
- Билим берүүнү санариптештирүү багытында Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (БББМС www.emis.edu.gov.kg) жасалган (ИСУО);
- Билим берүү кызматкерлеринин айлык маянасын чегерүү автоматташтырылган;
- Бала бакчаларга жана мектептерге «*электрондук кезек» жана «электрондук жазылуу»* (http: // balabakcha. edu.gov.kg) киргизилип ишке ашырылган;
- Абитуриенттерди кабыл алуу толугу менен онлайн форматында жүргүзүүнү ишке ашырган;

Кыскасы, агайдын жетекчилиги менен бала бакчадан баштап жождорго чейин дистанттык окутуунун реформаларын ишке ашыруучу алгылыктуу аракеттер жасалды жана ишке ашырылды.

✓ Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, агайдын министр мезгилинде – министрликтер арасындагы министрликке болгон ишеним индекси 7-оруңдан 3-орунга чыкты. Бул көрсөткүч 2012-жылдан берки эң жогорку көрсөткүч экендиги аныкталган;

Агайыбыздын министр мезгилиндеги ишмердүүлүгү өзүнчө изилдөөгө татырлык чоң маселе. Убакыттын ченелүү экендигине байланыштуу биз алардын саналууларына гана токтолдук.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Каныбек Исаковдун улуу устаттык өзгөчөлүгүн анын шакирттеринин жана окуучуларынын эскерүүлөрүнөн көрө алабыз. Бул эскерүүлордун маанызынан Каныбек Исаков И.Раззаковдун «Кадрлар баарын чечет» деген ураанын туу тутуп, таланттуу, идерлуу, аракетчил жаштар гана Кыргызстанды өнүктүрө ала тургандыгына козу жетип, келечек ээлери , жаштарга ар дайыма ишеним көрсөтүп келгендигин таамай көрөбүз.

Акын, жазуучу Зинакан Пасаңова эжейибиз агай тууралуу эскерип, мындай дейт: «Ректордун жакшы көргөн жана көп кайталап айта турган бир сөзү бар: «Көздөрүндө от жанган, билим алууга жана өнөрүн таптоого дилгир жаштарды көргүм келет жана алар менен тең кадамдоону каалайм» [1, 49-бб.] деп жаштарды колдоого алган жана алар менен тен иштөөгө, кадам таштоого умтулуу агайдын кыялы болгон.

ОшМУнун учурдагы ректору Кудайберди Кожобеков өз устаттын мындай эскерет: «АГАЙ улууларды сыйлап, жаштарды шыктандырчу. Ар дайым асыл сөздөрү менен, асыл иштери айкалышып турар эле. «Улуу муун – университеттин куту, орто муун – жүзү, жаштар – келечеги», – деп бир иш чарада залды толкута сүйлөгөнү эсимде. Не бир татаал, кыйчалыш чечимдерди кабыл алууда да АГАЙ адамгерчиликтин чегинен чыккан жок. Кандай чечим болбосун жамааттын кызыкчылыгы, окуу жайдын келечеги үчүн адилеттүү кабыл алынчу. Мындай улуу касиет баарыбызды таң калтырар эле [3]» деп Каныбек агайдын адамгерчилигин, окуу жай агайдын жүрөгүндө жашагандыгын эскергени бар.

Агайыбыздын шакирттеринин бири – ф.и.к., доцент, белгилүү композитор Түмөнбай Колдошев агайдын устаттык өнөрү жөнүндө эскерип: «Агай бир гана мага эмес, бир топ кыргыздын балдарына аталык кылып, устаттык милдетин аткарып жүргөн» - дейт. Түмөнбай Колдошевдин агай жөнүндөгү өтө таасирдүү эскерүүлөрүндө: «Агай ректор болуп иштеп жүргөн кезинде ректор катары сүрөтүнүздү качан илесиз? - деген кесиптештеринин тамаша сына. ... Мен сүрөтүмдү эшигимдин оозуна илбейм. Мен сүрөтүмдү адамдардын ар биринин жүрөгүнө илип чыгам. Жасап жаткан жакшы ишим, жакшылыктарым менен [4]» деген сөздөрү Каныбек агайдын адамдык бийик сапаты жөнүндө кабар берет.

Ал эми Каныбек Исаковдун эң жаш шакирттеринин бири, жандоочусу – Өмүрбек Акбарали уулу мындай эскерүүлөрүн келтирет: «Агайдын тарбиясын алып, агайдын казанында кайнап, адамдар менен тил табышууну, мамилеге бек болууну, адамгерчиликти, «адамдыкты» жоготпоону, өзүмдү түздөп, дилди тазартып, бар менен жокко топук кылып, мээнет, пешене тер, ак эмгек менен таза жашоону үйрөнүп жуктуруп жатам. Бул мен үчүн чоң мектеп болду [1, 201-б.]".

Каныбек Исаковдун кызы – Айзирек Абдуваситованын: «Атам бизди эч кимден бийик да болбо, эч кимден кем да болбо, орточо бол. Сиз, рахмат, кечирип коюңуз деп айтылган сөздөн кемип калбайсыңар, кээде башыңды ийип койгондун эч жамандыгы жок» деп айта берип, бизди өтө жөнөкөй кылып тарбиялады [1, 236-237-бб.] ».

Албетте, бул эскерүүлөр Каныбек Исаковдун адамдык баалуулугунун бийиктигин, адамгерчилигин кабарлайт.

Агай окуучуларына: «Мен аркы дүйнөдө бейиштин көпүрөсүнөн өтүп жатканда жакшы агай эле деп, кол чаап турсаңар болду» деген экен. Мыкты илимпоз, кеменгер, көрөгөч жетекчи, улуу устат жана эң негизгиси нукура пакиза таза инсан, сүйүктүү агайыбыз, Каныбек агай, Сиз, кол чабууга гана эмес, Сиз, ийилип, таазим этүүгө жана кусалык менен эскерүүгө татыктуу улуу инсансыз деген зээнибизди кейиткен, жүрөгүбүздү ооруткан сөздөр менен баяндамабызды аяктамакчыбыз.

**Адабияттар:**


1. Каныбек Исаков. Дилдеги сөздөр. Б.: 2020, -240 б. [1.59-60-бб.]. [1.39-40-бб.].[1.49-б.]. [1. 201-б]. [1. 236-237-бб].
2. Каныбек Исаков. Устаттарымды аздектеп, досторумду кадырлап... Б.: 2020, -144 б.
3. https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=1945676538905961&id=100003909022087
4. https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=3476411392478370&id=100003286291678.